**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ**

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

20____-жылдын “________”___________, №_______

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 11-майындагы № 330 “Кыргыз Республикасынын айрым аймактарында мототранспорт каражаттарын эксплуатациялоону чектөө жөнүндө” токтомун ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 11-майындагы № 330 токтомун аткаруу жана “Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 41-беренелерин ишке ашыруу, экосистемалардын сакталышын камсыз кылуу, жаратылыш ландшафттарынын деградацияланышын жана бузулушун болтурбоо, парктык-пляждык зоналарга терс таасирдин тийишине жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 17, 18, 44, 45, 48-беренелерин жана Кыргыз Республикасынын “Ош шаарынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын айрым аймактарында мототранспорт каражаттарын эксплуатациялоону чектөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 11-майындагы № 330 токтому Ош шаарынын аймагында жетекчиликке жана аткарууга алынсын.

2. Төмөнкү аймактарда мототранспорт каражаттарынын кирүүсүнө жана жүрүүсүнө чектөө киргизилсин:

- озгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында;
- парктык зоналардын чектеринде, жайыттарда.

3. Ушул токтомдун 2-пунктундагы чектөөлөр төмөнкүлөргө жайылтылбайт деп белгиленсин:

- озгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында жайгашкан автомобиль жолдорунун тилкелерине;
- өтмө зоналарына жана биосфералык аймактардын санация зоналарына;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 007340*

- мамлекеттик жана муниципалдык органдар тарабынан кызматтык кесиптик ишти аткаруунун алкагында жүктөлгөн функцияларга ылайык пайдаланылуучу мототранспорт каражаттарына;

- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги менен макулдашуу боюнча жүргүзүлүүчү, мототранспорт каражаттарын милдеттүү пайдалануу зарылдыгы бар мамлекеттик маанидеги илимий-изилдөө жана маданий-массалык иш-чараларга;

- жергиликтүү калк тарабынан чарбалык максаттарда пайдаланылуучу, номиналдык максималдуу кубаттуулугу узак жүктөм режиминде 4 кВт ашпаган электр кыймылдаткычтуу мототранспорт каражаттарына.

4. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык жана айылдык аймактык башкармалыктары, муниципалдык инспекциясы жана "Агрардык чарба" муниципалдык ишканасы Ош шаардык ички иштер башкармалыгы менен биргеликте ушул токтомдун талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча мыйзам чегинде тиешелүү иш-чараларды жүргүзүшсүн.

5. Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык жана айылдык аймактык башкармалыктары жана "Ош шаарын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасы жергиликтүү калк арасында ушул токтомдун талаптарын түшүндүрүү жана мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди туруктуу негизде жүргүзүшсүн.

6. Ош шаарынын мэриясынын маалыматтык камсыздоо жана коомчулук менен байланыш бөлүмү ушул токтомду Ош шаарынын мэриясынын расмий сайтына жайгаштырсын жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калкка кеңири жеткирүүнү камсыз кылсын.

7. Ош шаардык ички иштер башкармалыгы жана тиешелүү муниципалдык кызматтар тарабынан аталган эрежелердин сакталышы боюнча рейддик текшерүүлөр жана калк арасында түшүндүрүү иштери туруктуу негизде жүргүзүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин орун басары Э.М. Толтоевге жана Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.О. Осмоналиевге жүктөлсүн.

**Мэр** **Ж.К. Акаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 889, 21.07.2026

Кол койгон: Акаев Ж.К.